КАЙЫРМА

Жашоону сүйүп жашагын,
Толуктап жүргүн элдин катарын.
Кейибей күлүп жашагын,
Бакытка бөлөп бүтүн жер шарын.

Жашоонун чече билгин жандырмагын,
Бүтпөгөн таба билгин табышмагын.
Балы да, ачуу дагы күнү болот,
Сыноого чыда, досум, багынбагын!
Гүлзат Кудайбердиева

Жашоо өзү керемет,
Жашып ыйлап не керек?
Жакшы жашоо- парзыбыз,
Жашаш керек керемет.

Күлкү –көңүл ачарым,
Күлүп черим жазамын.
Күзгү болуп элиңе,
Күндө күлүп жашагын.

Жакшы болсоң башкага ,
Жарым жолдо таштаба.
Жасаганың бирөөгө
жакшы болсо кайтала.
ирге болуп катарың,
Бирге жашоо азабын
Билсен жашоо керет,
Бирге күлуп жашагын.

- **Автор: Жакут Сыдыков**
- 13-октябрь 2017-жыл